**УДК.37.013.**

# КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮК ЖАНА ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ИШТЕР АРКЫЛУУ БАЛАНЫН ЭСТЕТИКАЛЫК СЕЗИМДЕРИН ӨСТҮРҮҮ

Таабалдиева Айнур Абдырахмановна окутуучу, магистр
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
ajnurutaabaldieva@gmail.com
Султанова Айсалкын Жаныбековна Пм(з) -2-23
магистрант

**Аннотация:** Балдардын эстетикалык дүйнөсүн өнүктүрүүдө кол өнөрчүлүктүн, чыгармачылыктын ролун аныктоодо кол эмгектер жана чыгармачылык ишмердүүлүк балдардын көркөм дүйнөсүн байытууга, талдоого жана кабар алуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жардам берет. Балдардын эстетикалык сезимдерин өнүктүрүү үчүн кол өнөрчүлүк иштеринин мааниси, алардын жөндөмдүүлүктөрүн жана креативдүүлүгүн кандайча жогорулатууга болоорун талкуулоо менен педагогикалык көз караштар иш жүзүндөгү практикалык тажрыйбалары жөнүндө сөз болмокчу.

Макалада балдардын эмоционалдык жана интеллектуалдык өнүгүүсүн стимулдаштыруучу чыгармачылык иштеринин көп түрдүү аспектилерин камтыйт. Кол өнөрчүлүк, сүрөт тартуу аркылуу балдар кооздукту жана ар түрдүү формаларды эмес, талыкпаган эмгекти, өз ара мамилелердин маанилүүлүгүн ошондой эле эмгектин натыйжасын баалоону үйрөнүшөт. Чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн балага жакшы түшүндүрүү менен анын чыгармачылык потенциалын ачып, эстетикалык баалуулуктарды жөнөкөй жана түшүнүктүү түрдө көргөзүү маанилүү. Балдардын эстетикалык сезимдерин өстүрүү үчүн практикалык иш-чараларды сунуштайт, ошондой эле мектептерде, балдар бакчаларда жана үйдө чыгармачылыкка багытталган иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу үчүн методикалык кеңештерди берет. Баланын өнүгүшүндө эстетикалык баалуулуктарды сактоо жана кол өнөрчүлүк менен тыгыз байланышта иштөө зарылдыгы да так белгиленет.

**Ачкыч сөздөр:** Кол өнөрчүлүк, чыгармачылык, эстетикалык сезимдер, өнүгүү, ишмердүүлүк, эстетикалык билим берүү, психология, сүрөт тартуу, искусство, эмоция, акыл-эс.

# РАЗВИВАЙТЕ ЭСТЕТИЧЕСКИЕ ЧУВСТВА РЕБЕНКА С ПОМОЩЬЮ ПОДЕЛОК И ТВОРЧЕСКИХ РАБОТ

Таабалдиева Айнур Абдырахмановна преподаватель, магистр
Ошский государственный педагогический университет
ajnurutaabaldieva@gmail.com

**Аннотация:** Определяя роль ремесел, творчества в развитии эстетического мира детей, ручная работа и творческая деятельность помогают обогатить, проанализировать и расширить возможности детей воспринимать мир искусства. Обсуждая важность поделок для развития эстетических чувств детей, как можно повысить их способности и креативность, педагогические взгляды будут говорить об их практическом опыте на практике.

В статье рассматриваются различные аспекты творческой деятельности, которые стимулируют эмоциональное и интеллектуальное развитие детей. Через рукоделие, рисование дети учатся ценить не только красоту и разнообразие форм, но и упорный труд, важность взаимоотношений, а также результат труда. Хорошо объясняя творческую деятельность ребенку, важно раскрыть его творческий потенциал и продемонстрировать эстетические ценности простым и понятным способом. Он предлагает практические занятия для развития эстетических чувств у детей, а также дает методические советы по выполнению творческих мероприятий в школах, детских садах и дома. В развитии ребенка также четко прослеживается необходимость сохранения эстетических ценностей и работы в тесном контакте с ремеслом.

**Ключевые слова:** Ремесла, творчество, эстетические чувства, развитие, деятельность, эстетическое воспитание, психология, рисование, искусство, эмоция, разум.

# DEVELOP THE AESTHETIC FEELINGS OF THE CHILD WITH THE HELP OF CRAFTS AND CREATIVE WORKS

Taabaldieva Ainur Abdyrakhmanovna teacher, Master's degree
Osh State Pedagogical University
ajnurutaabaldieva@gmail.com

**Annotation:** By defining the role of crafts and creativity in the development of children's aesthetic world, handicrafts and creative activities help enrich, analyze and empower children to perceive the world of art. Discussing the importance of handicrafts for the development of children's aesthetic senses, how to increase their abilities and creativity, pedagogical views will talk about their practical experience in practice.

The article discusses various aspects of creative activity that stimulate the emotional and intellectual development of children. Through needlework and drawing, children learn to appreciate not only the beauty and variety of shapes, but also hard work, the importance of relationships, as well as the result of work. When explaining creative activity well to a child, it is important to unleash his creative potential and demonstrate aesthetic values in a simple and understandable way. He offers practical exercises for the development of aesthetic feelings in children, and also gives methodological advice on performing creative activities in schools, kindergartens and at home. The child's development also clearly shows the need to preserve aesthetic values and work in close contact with the craft.

**Key words:** Crafts, creativity, aesthetic feelings, development, activity, aesthetic education, psychology, drawing, art, emotion, mind.

Эстетикалык сезимдер – бул адамдын дүйнөгө болгон көрүү, түшүнүү жана кабыл алуу жөндөмүн чагылдырган маанилүү аспекти болуп саналат. Балдарга эстетикалык түшүнүктөрдүн жана баалуулуктардын калыптанышына бир катар факторлор таасир этет. Анын ичинде кол өнөрчүлүк, сүрөт тартуу жана чыгармачылык иштеринин өзгөчө мааниси бар. Баланын чыгармачылыкты кабыл алуу жана аны менен бирге иштөө аркылуу эстетикалык сезимдери өнүгүп, өзүнүн ички дүйнөсүн байытып, дүйнөнү көркөм жактан түшүнүү жөндөмү калыптанат. Баланын эстетикалык билим алууга болгон кызыгуусу, чыгармачылыкка арналган убактысы, алыскы келечектеги аң-сезиминин жана инсандык өнүгүүсүнүн негизи болуп калат.

Кол өнөрчүлүк, чыгармачылык иштер баланын эмгек сүйүүсүн, чыгармачылык жөндөмдөрүн, эстетикалык баалуулуктарды түшүнүү менен бирге анын эмоционалдык жана когнитивдик өнүгүүсүнө терең таасир этет. Мындай иштер баланын жеке өзгөчөлүктөрүн, креативдүүлүгүн жана көркөм түшүнүгүн өркүндөтүүгө багытталган ишмердүүлүк болуп саналат. Ушул макалада кол өнөрчүлүк жана чыгармачылык иштер аркылуу баланын эстетикалык сезимдерин өстүрүү ыкмалары жана анын мааниси талкууланат. [1]

Балдардын эстетикалык сезимдери, көркөм дүйнөсү алардын жашоосунда маанилүү ролду ойногондуктан, педагогикалык процесстерде кол өнөрчүлүк жана чыгармачылык иштерине өзгөчө көңүл бурулат. Эстетикалык билим берүүнүн мааниси баланын туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу аркылуу анын жеке жөндөмдөрүн калыптандыруу да чоң маани берет. Кол өнөрчүлүк ишмердүүлүгү балдардын эмоционалдык жана интеллектуалдык өнүгүүсүнө тийгизген таасири менен айырмаланат. Биз бул бөлүктө баланын эстетикалык сезимдерин өстүрүүнүн жолдорун жана чыгармачылык ишмердүүлүктүн маанилүү аспектилерин карап,  талкуулайбыз. [2]

Кол өнөрчүлүктүн бала психологиясындагы орду – кол өнөрчүлүк иштери балдардын ичиндеги креативдүүлүктү, ийгиликсиздиктерди жеңүү, эмгекке болгон сүйүү жана шыктануу сыяктуу маанилүү психологиялык сапаттарды өнүктүрөт. Кол өнөрчүлүккө негизделген чыгармачылык иш-аракеттер балдардын сезимдерин, ой жүгүртүүсүн жана көркөм түшүнүгүн тереңдетет. Мисалы, балдар ар кандай формада жана түстө сүрөт тартканда же кол менен эмгектенип, башка искусство түрлөрүн жасап жатканда өз эмоцияларын жана ойлорун



жаратууга мүмкүнчүлүк ала алышат. Балдар иштин жүрүшүндө ар бир ийгиликке жетүү үчүн өз күчүнөн жана жөндөмүн пайдаланып, кыйынчылыктарды жеңүүгө да үйрөнүшөт.

Чыгармачылыкты стимулдаштыруу жана баланын эстетикалык кабыл алуу жөндөмү: балдардын эстетикалык сезимдерин өстүрүүдө чыгармачылык иштерди түрдүү куралдар менен стимулдаштыруу өтө маанилүү. Кол өнөрчүлүк жана искусствонун ар түрдүү түрлөрү, балдардын фантазиясын жана креативдүүлүгүн бекемдөөгө абдан жардам берет. Балдар сүрөт тартуунун, жыгачтан жасалган буюмдарды чийүүнүн, керамика менен иштөө, башка чыгармачылык ишмердүүлүктөр аркылуу кооздукка жана формаларга болгон кызыгуусун өркүндөтүшөт. Ар бир чыгармачылык иш аракетте баланын эстетикалык сезимдерин тереңдетүү менен баланын дүйнөнү көрүүгө болгон көз карашын кеңейтет. [3]

Эмгек, чыгармачылык процесс аркылуу өзүн-өзү баалоо, ишенич, кол өнөрчүлүк аркылуу бала өзүн-өзү баалоону жана ишенимди ишке ашырууну үйрөнө алат. Чыгармачылык процесс учурундагы эмгек, жетишкендиктер, баланын өзү менен жана башка адамдар менен болгон байланыштарын чыңдайт. Ар бир иштин натыйжасында бала өз эмгегинин жемишин көрүү менен ал өзүнүн жөндөмүнө болгон ишеними жогорулайт. Балдар чогуу иштөө менен бирге командалык иштерде тыгыз кызматташуу аркылуу өз ара түшүнүүнү, сый-урматты да үйрөнүшөт.

Кол өнөрчүлүк аркылуу бала эстетикалык баалуулуктарды үйрөнөт. Бул процесс баланын эстетикалык таанымынын тереңдигин арттырып, аны көркөм жана адамдык баалуулуктарды баалаган инсанга айлантууга жол көрсөтөт. Баланын чыгармачылык ишмердүүлүгү аркылуу коомдук жана адамдык баалуулуктарга болгон көз карашы калыптанып, ошондой эле ал дүйнөнү өзү кабыл алган эстетикалык дүйнө катары көрө баштайт. Кол өнөрчүлүк менен алектенүү балага кооздукту таанып-билүүгө гана эмес, кооздуктун артында турган маани-манипуляцияны, жашоонун гармониясы менен байланышкан мыйзамдарды да түшүнүүгө мүмкүндүк берет. [4]

Практикалык мисалдар жана тажрыйбалар аркылуу көптөгөн изилдөөлөр, практикадан алынган мисалдар, кол өнөрчүлүктүн жана чыгармачылык иштердин баланын эстетикалык сезимдерин өстүрүүдөгү маанилүүлүгүн көрсөтүп келет. Мисалга алсак, кол өнөрчүлүк сабактарында сүрөт тартуу, чийүү, тигүү, керамика жасоо сыяктуу иштер аркылуу балдар өзүнүн ички жан дүйнөсүн, эмоцияларын жана ой-жүгүртүүсүн эркин билдирүүгө үйрөнүшөт. Баланын ар бир чыгармачылык иш тажрыйбасы бала өзүн-өзү түшүнүүсүн жана дүйнөнү баалоо жөндөмүн жогорулатат.

Педагогикалык көз караштар жана колдонмо методдору менен балдардын эстетикалык сезимдерин өстүрүү үчүн колдонулган педагогикалык методдор көп түрдүү билим, тажрыйба берет. Педагогикалык процессте балдардын чыгармачылык иштерин өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Колдонулган методдор арасында балдар үчүн эстетикалык баалуулуктарды түшүндүрүү, кооздукка болгон сүйүүнү ошондой эле чыгармачылыкка болгон кызыгууну жаратууга багытталган иш-аракеттер камтылат. Педагог баланы чыгармачылыкка тартуу аркылуу анын өзгөчөлүктөрүн жана жөндөмдөрүн туура баалап, ар бир баланын өзүнө гана тиешелүү, мүнөздүү иш-чараларды уюштурууга мүмкүндүк берет.

Кол өнөрчүлүк, чыгармачылык иштер бала үчүн эстетикалык сезимдерди өстүрүү, жеке өнүгүүсүн жогорулатуу жана анын дүйнөнү көркөм кабыл алуусун тереңдетүү үчүн маанилүү курал болуп саналат. Бул иш-аракеттер балага эмгекти сүйүү, ийгиликке жетүү, жана кооздукту баалоо жөндөмдөрүн калыптандырууга да мүмкүндүк берет. Баланын эстетикалык таанымы өнүгүп, чыгармачылык жөндөмдөрү кеңейип жана ал дүйнөнү терең түшүнүүгө

түрткү берет. Эстетикалык билим берүү, өз кезегинде, балдардын интеллектуалдык ошондой эле эмоционалдык өнүгүүсүнө чоң жардам берет.

Кол өнөрчүлүк, чыгармачылык ишмердүүлүк балдардын эстетикалык сезимдерин өнүктүрүүдө абдан маанилүү ролду ойнойт. Балдардын чыгармачылыгын аны менен бирге көркөм дүйнөсүн калыптандыруу аркылуу алардын эмоционалдык жана интеллектуалдык өнүгүүсүнө терең таасир этүүгө болот. Ар бир чыгармачылык иш, сүрөт тартуу, чийме чийүү, тигүү, кол өнөрчүлүк менен алектенүү балага өзүнүн ички дүйнөсүн жана эмоцияларын түшүнүүгө, аны чагылдырууга мүмкүнчүлүк берет. Мындай иш-аракеттер баланын кооздукка, чыгармачылыкка болгон мамилесин жана эстетикалык баалуулуктарын баалоо жөндөмүн жогорулатат. Кол өнөрчүлүк, өзгөчө балдардын психологиясына терең таасир берип, балдардын өзүнө жана дүйнөгө болгон көз карашын кеңейтет. Эмгекке жана чыгармачылыкка болгон кызыгуунун өстүрүү менен балдар жеке өзгөчөлүктөрүн ачып, чыгармачылык потенциалын да өсүрөт. Педагогикалык практикаларда кол өнөрчүлүк, чыгармачылык ишмердүүлүктү активдүү колдонуу аркылуу балдардын эстетикалык таанымын жогорулатып, алардын руханий жана акыл-эс жөндөмдөрүн өнүктүрөт.

Кол өнөрчүлүк жана чыгармачылык иштери аркылуу баланын эстетикалык сезимдерин өстүрүү. Балдардын эстетикалык сезимдерин өнүктүрүүдө алардын кол өнөрчүлүк жана чыгармачылык иштери өзгөчө орунду ээлейт. Бул иштер балага көркөмдүктү, кооздукту кабыл алууга гана эмес, баланын ички жан дүйнөсүн ачууга, эмоцияларын түшүнүүгө ошол эле учурда аларды сүрөт аркылуу көркөмдөөгө мүмкүнчүлүк берет. Баланын чыгармачылык иштери анын дүйнөгө болгон көз карашын өзгөртөт жана аны жакшыртууга, өркүндөтүүгө түрткү берет. [5]

Кол өнөрчүлүк иштери жана чыгармачылык жаратууда сүрөт тартуу же жыгач менен иштөө бала үчүн анын чыгармачылыгын жана креативдүүлүгүн өнүктүрүүнүн эң сонун жолдору болуп саналат. Бул иштер баланын эстетикалык сезимдерин калыптандырып, кооздукка болгон кызыгуусун жана анын түстөрдү кабыл алуу жөндөмүн бекемдейт.



Мисалы: Балдар сүрөт тартканда өздөрүнүн каалаган эмгегин тандап, ар кандай форма жана түстөрдү колдонуп, дүйнөнү өзүнүн көз карашы менен ой жүгүртүп чагылдырууга чыгармачылык (фонтазиясы) аркылуу аракет кылышат. Бул жерде, ар бир сүрөт тартуу процессинде бала эмоциялары жана ички дүйнөсүн түшүнүүгө жана аны башка адамдарга да көрсөтүүгө жол табат.

Сүрөт тартуу аркылуу балдардын эстетикалык сезимдерди өнүктүрүүдө сүрөт тартуу менен эстетикалык сезимдерин калыптандыруу үчүн маанилүү ишмердүүлүк болуп саналат. Сүрөт аркылуу бала өзүнүн ички дүйнөсүн жана дүйнө таанымын ачык көрсөтө алат. Көп учурда, балдар түстөрдү, форма жана текстураларды колдонуу аркылуу өзүнүн эмоцияларын түшүнүп, аны көркөмдөөгө берилүү менен аракет кылышат.



Кол өнөрчүлүк жана чыгармачылык иш-чаралар ар бир баланын эстетикалык сезимдерин, креативдүүлүгүн өркүндөтүүдө маанилүү инструмент болуп саналат. Бала сүрөт тартуу, чийүү, тигүү, керамика менен иштөө, кол өнөрчүлүк иштерине катышуу аркылуу өзүнүн дүйнө таанымын кеңейтет ошондой эле ички дүйнөсүн ачат жана өзү үчүн эстетикалык баалуулуктарды калыптандырат. Мындай ишмердүүлүк балдардын жеке потенциалын кенен ачып, алардын эмоциялары менен таанышуусуна, чыгармачылыкка болгон кызыгуусун

күчөтүүгө жол ачат. Ушул себептен, балдарга эстетикалык билим берүү, чыгармачылык ишмердүүлүккө тартуу алардын жалпы өнүгүүсүнүн негиздеринин бири болуп саналат. [6]

Жыйынтыктап айтканда, баланын эстетикалык сезимдерин өстүрүү -анын жалпы өнүгүүсү үчүн маанилүү баскыч болуп саналат. Кол өнөрчүлүк жана чыгармачылык иштери аркылуу бала көркөм дүйнөсүн терең түшүнүп, өзүнүн эмоционалдык жана анын интеллектуалдык дүйнөсүнө жаңы көз караштарды кошот. Мындан улам, чыгармачылык ишмердүүлүк балдардын жалпы өнүгүүсүнө чоң салым кошуп, алардын келечекте толук кандуу инсан болуп калыптануусуна өбөлгө түзөт.

**Адабияттар:**

1. Педагогика. Атамбаев М. А. (2009). Бишкек: "Учкун" басма үйү.
2. Балдар психологиясы. Өмүралиев У. (2014). Бишкек: "Илим" басмасы.
3. Педагогикалык изилдөөлөр. Төлөгөнов С. (2016). Бишкек: "Кыргыз университети".
4. Дошкольное воспитание в Кыргызстане. Калматаева Г. А. (2011). Бишкек: "Кыргызстан".
5. Эстетическое воспитание детей в системе образования. АйтматоваС.А. (2017). Бишкек:
6. Эстетическое воспитание в системе дошкольного образования. Шахматова И. В. (2009). - Санкт-Петербург: Детство-Пресс.